| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ РАЙОНУ<br><br>ШАЙЫБЕК АТА<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН<br><br>МЕСТНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА<br>ШАЙЫБЕК АТА** |

**Шайыбек ата айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин кезектеги IV-сессиясы**

**Токтом №37**

**27.01.2025-жыл** **Чон-Сары-Ой айылы**

**Шайыбек ата айыл аймагынын 2025-жылга карата жергиликтүү бюджетин бекитүү жана 2026-2027-жылдарга карата жергиликтүү бюджетинин болжолдуу долбоорло жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 мыйзамынын 34-беренесине, Кыргыз Республикасынын "Бюджеттик Кодексинин" VIII-бөлүмүнүн 78-беренесине ылайык, Шайыбек ата айыл аймагынын 2025-жылга карата жергиликтүү бюджетинин долбоорун жана 2026-2027-жылдарга карата жергиликтүү бюджетинин болжолдуу долбоорлорун карап, талкуулап чыгып Шайыбек ата айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Шайыбек ата айыл аймагынын 2025-жылга карата жергиликтүү бюджетинин көлөмү кирешелер жана чыгашалары боюнча 153 390 (жүз элүү үч миллион үч жүз токсон мин) сом, анын ичинде атайын каражаттар боюнча 6 496, 0 (алты миллион төрт жүз токсон алты мин) сом менен бекитилсин.

2. 2026-жылга карата жергиликтүү бюджет кирешелер жана чыгашалары боюнча 147895,4(жүз кырк жети миллион сегиз жүз токсон беш мин төрт жүз) сом өлчөмүндөгү долбоору жактырылсын.

3. 2027-жылга карата 153877,4 (жүз элүү үч миллион сегиз жүз жетимиш жети мин төрт жүз) сом өлчөмүндөгү долбоору жактырылсын.

4. Жыл ичинде акча-каражаттын сарпталышы бекитилген бюджет боюнча жүргүзүлсүн.

5. Токтомду каттоо жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн облустук Юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

6. Токтомдун аткарылышы Шайыбек ата айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы У.Абдырахмановко жана Шайыбек ата айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн Социалдык экономикалык бөлүмүнүн башчысы Ж.Учкемпировага милдеттендирилсин.

7. Токтомду көзөмөлгө алуу жагы Шайыбек ата айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин «Бюджет, финансы, экономика, инвестиция тартуу жана орто чакан бизнести өнүктүрүү» жана «Маданият, билим берүү, саламаттык сактоо, калкты социалдык жактан коргоо, эмгек миграция коомдук уюмдар менен иш алып баруу жана дин маселеси боюнча» туруктуу комиссияларына тапшырылсын.

**Төрага** **Т.Туйгунов**

*Г.Ормукова:*
*Жиберилди: иш кагазына-1, айыл Өкмөтү-1, Ысык-Көл райондук финансы бөлүмүнө-1, мин юст баш-2.*